**Доктор Жасим Аль Мутааванын**

**«Ыйман тууралуу маектер»**

**аттуу китебинен алынды**

# Көлөкө менен болгон маек



Ары бери бурулуп карап,   айланамдан көлөкөмдү таппадым!!

Анан көзүмдү асманга  көтөрсөм, күн ортодо экен . Асманда бир да  булут жок . Кайрадан айланамды карап , көлөкөмдү дагы  таппадым.

Оо Аллах !  Менин көлөкөм кайда кетти, азыр эле жанымда жанаша жүрбөйт беле?

Көлөкөмдү издеп баскан жолум менен кайра артты көздөй бастым. Бир маалда аны бир чоң таштын жанынан таптым.

**Мен ага:** Сен кайдасың эй көлөкөм? Эмне үчүн мени ээрчип баспайсың?

**Көлөкө:** Сенин менен баса берип чарчадым.

**Мен :** Эмне үчүн ?!

**Көлөкө** : Анткени сен мени, мен жаратылган нерсе үчүн эмес, андан башка орундарга ээрчүүгө аргасыз кылып жатасың. Сен тышкы көрүнүшү ыкыластуу, ал эми ичкиси эл көрсүндүк үчүн болгон иштерди кылып жатасың. Андыктан аттиң, сенин көлөкөң болбой эле койсом кана!

**Мен:** Элдер мага жолугууну эңсеп жатса, а сен менден ажырагың келип жатабы эй көлөкө?! Сен жаңылыш чечим чыгарып жатасың көлөкөм.

**Көлөкө:** Аллахка касам, мен жаңылышканым жок. Адамдар сенин тышкы көрүнүшүңдү билишет, а мен сенин ички маңызыңды жана акыйкатыңды билем.

**Мен :** Бул сөздөн максатың эмне?

**Көлөкө:** Максатымды сен жакшы билесиң. Чындыгында , кулк мүнөздөрдүн акыйкатын бирге жашоо ашкере кылып коет. Адамдар сени менен мен сыяктуу бирге жашабайт. Жылкы да өз чабандесин жакшы тааныйт эмеспи. Эгер сен өзүңдүн жүрөгүңө карасаң , андагы каралыкты көрөт элең.

**Мен** : Анын карайышынын себеби эмнеде?

**Көлөкө:** Анын карайышынын себеби, амалдардагы ыкыластын жоктугу жана мамилелердеги эл көрсүндүк.

**Мен** : Мындай кулк мүнөз жүрөккө ушунчалык деңгээлде да таасир этеби?

**Көлөкө** : Ооба, анткени ыкылас, амалдардын негизи болуп саналат. Жада калса накыл кепте минтип айтылган: «Ыкыласы жок кишиге айт : «Убара болуп чарчоодон кайт!»

Аллах Таала өз сөзүндө да минтип буйруйт: **«Алар , Аллахка ыкылас менен анын динине таза, бекем карманып ибадат кылууга буюрулушкан »** (Баййина : 5)

**Мен** : Буга бир мисал келтире аласыңбы?

**Көлөкө:** Кыйын деле эмес. Бирок сен менин айткандарыма ой жүгүрт.

Эгер бир дарактын тамыры ачылып калса, анда ал суудан үзүлөт да, жалбырактары куурап калат. Анан мөмө да бербей, анын баалулугунун деңгээли да жоголот. Бирок эгер анын тамыры терең жайгашса, сууну көп ичет да , жашылданып мөмө бере баштайт. Натыйжада анын баалулугунун деңгээли да жогорулайт.

Мына ушундайча , эй жолдошум..эгер сенин кылган амалың Аллах Таала үчүн ыкыластуу болсо, анда ал шарияттагы тамыры болот да, акыбети даңктуу болгон мөмөсүн берет.

**Мен** : Бирок мындай иш менин напсим үчүн оор болот го?

**Көлөкө** : Туура айтасың,  Анткени ниет , шайтан кире турган эшиктердин эң чоңу. Ал аркылуу шайтан сенин амалдарыңды бузуп коет. Суфян Саврий бул туурасында минтип айткан экен: «Ниетимден оор эч нерсени оңдой албадым»

**Мен**: Бирок адамдар, менин ал иштерди эл көрсүндүк үчүн кылып жатканымды билишпейт да.

**Көлөкө:** Сен адамдар менен мамиле кылып жаткан адамсыңбы, же адамдардын Жаратуучусу менен мамиле кылып жаткан адамдардансыңбы? Аллах Таалага купуя эч нерсе жок. Кыямат күнүндө Анын алдында бардык нерсе ачык болот. – денеси ачык, напсиси ачык, жашыруун ою ачык, кылган амалы ачык, жүргөн жолу ачык . Кыскасы , жашыруун сырлар , ойлор жана денелерди жаап турган тосмолордун бардыгы түшүп калат.

Эй досум, ал күндө эч бир адам сага пайда бере албайт .

Бирок  сени эми, шайтан соопторуңдан уурдабоосу үчүн  амалыңда ыкыластуу бол, ибадатыңды купуя кыл. Кээ бир такыба адамдар сыяктуу бол. Алардын бири кырк жыл бою орозо  тутуп, анын орозо туткандыгын эч ким билген эмес. Ал киши эртең менен эки нанды көтөрүп базарга кетээр эле. Анан ал экөөсүн садака кылып муктаждарга таратып, өзү орозо тутаар эле. Ошентип анын үй бүлөсү аны базарда тамактанды деп ойлосо, базардагылар аны үйүндө тамактанган окшойт , деп ойлошчу экен.

**Мен:** Чынында сен менин өзүмө болгон көз карашымды өзгөрттүң , эй көлөкөм. Бирок айтчы , эки жүздүүлүктүн белгилери кандай?

**Көлөкө:** Өзүңдөн сура , сен өзүңдү жакшыраак билесиң.

**Мен:** Мага таш боордук кылба ,эй көлөкө. Мага айтып бер , анткени мен Кудай буюрса ыкыластуу болууга бекем ниет койдум.

**Көлөкө:** Али ибн Абу Толиб минтип айткан : Эки жүздүүнүн үч белгиси бар:

1.Жалгыз калса жалкоолук кылат.

2.Адамдар менен бирге болсо, чыйрактык кылат.

3.Адамдар аны мактаса , амалын арттырат, ал эми адамдар аны жамандаса, амалын азайтат.

**Мен :** Ох, кандай өкүнүч ! Демек ,менин амалдарымдын баары текке кетиптир да!

**Көлөкө** : Ниетиңди жаңыла! Аллах Таала менен болгон мамилеңди оңдо! Амалыңа Умар ибн Абдулазизге береке бергендей береке берүүсү үчүн , Аллах Таалaдан ар дайым амалыңда ыкыласты сура .

**Мен** : Ал мусулмандардын бешинчи калыйпасы кандайча ыкылас менен берекелүү болгон?

**Көлөкө**:Хишам бин Абдилмалик байкесинин уулу Умар бин Абдилазиз Умавийди сыпаттап минтип айткан: «Умар эч бир кадамын ниетсиз баспаган деп ойлоймун» Ошол себептен Умар бин Абдилазиз эки жылдан аз мөөнөттө кыйшайып бараткан эки муунду түзөтүп койгон.

**Бираз ойлонуп , пикир кылгандан кийин мен минтип айттым:** Сенин бул сөздөрүң тоону кыймылга келтире тургандай го. Мен эми Аллах буйурса ар бир кыймыл аракетимди ниет менен баштаймын.

**Көлөкө :** Ооба досум , ыкыласка жетүү үчүн алгач напсиң менен күрөш жана көлөкөң сени күйгүзүүсүнөн мурда ниет менен аракетиңди башта!

**Мен** (таң калып) : Эмне дейсиң?! Көлөкө да күйгүзчү беле?

**Көлөкө:** Ооба эй досум. Анткени көлөкөнүн эки түрү болот.

1. ***Жактырылбаган көлөкө:*** Ал тууралуу Аллах Таала Куранда мындай дейт: «Үч бөлүк болуп түтүндөгөн көлөкөгө баргыла,алар көлөкө да кылбайт жана (тозоктогу) жалындан да коргой албайт.» (Мурсалаат:30;31) Башкача айтканда, Тозоктун бөлүк бөлүк болгон көлөкөсүнө баргыла , ал көлөкө көлөкө боло албайт жана андагы ысыктыктан коргой да албайт.

2. ***Жакшы көрүлгөн көлөкө*** : Ал бейиштин көлөкөсү. Аллах Таала бул тууралуу мындай дейт :

**«Тикенсиз дарактардын арасында[1].**

**[2]жемиштери үстү-үстүнө үйүлгөн банан дарагы.**

**(Алар) кенен жайылган көлөкө астында,**

---

[1] эс алышат

[2] Ал дарактардын

**Дайыма агып турган суусу (бар)»** (Ваакиа: 28-31)

Демек бейиштин бардыгы көлөкөлүү, анда күн жок. Андыктан эй досум , бул эки көлөкөдөн каалаганыңды танда. Анан амалында ыкылас кылбаган адамга чарчап убара болбо! -деп айт.

Анткени ыкыластын топурагы эл көрсүндүктүн заапаранынан жакшыраак.

**Которгон: Касым Сыдыков**